## 1. <u>Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын ишине көзөмөлдүк (оверсайт)</u>

### 1.1. Системалык жактан маанилүү төлөм системасынын ишине мониторинг жана талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү.

#### 1.1.1. Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (мындан ары - ГСРРВ).

2014-жылдын 4-чейрегинде ГСРРВ системасынын ишине мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча катышуучулардын орто күндүк ликвиддүү каражаттарынын көлөмү мурдагы чейрекке жана өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 15,03 пайызга жана 25,89 пайызга көбөйүп, 15,27 млрд. сомду түзгөн.

Отчеттук мезгил ичинде системанын катышуучуларынын жигердүүлүгү жогорулаган жана жүгүртүүлөр 394,29 млрд. сом чегинде түптөлгөн, бул өткөн жылдын тиешелүү мезгилинин көрсөткүчүнөн 75,80 пайызга көбүрөөк болгон. Мындай өсүш автоматташтырылган соода системасын (мындан ары – АТС) киргизгенден тартып, ал аркылуу ишке ашырылган операциялардын көбөйүшү менен байланыштуу болгон. Алсак, өткөн мезгилдин көрсөткүчү менен салыштырганда АТС аркылуу жүргүзүлгөн операциялар 4 эсе көбөйүп, 190,84 млрд. сомду түзгөн (гросстук төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнөн 48,40 пайыз). Мурдагы отчеттук мезгилге салыштырганда системадагы жүгүртүү көрсөткүч (9,25 пайызга) төмөндөөнү көрсөтүп, отчеттук мезгилде 0,40 түзгөн.

Төлөмдөр көлөмүнүн ликвиддүүлүк деңгээлине карата катышына жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөрдүн негизинде <u>*финансылык тобокелдиктер деңгээли,*</u> системадагы жүгүртүүгө карата ликвиддүү каражаттардын жогорку көрсөткүчү сакталгандыгынан улам, минималдуу бойдон калган.


Системада орун алышы мүмкүн болгон финансылык тобокелдиктердин дагы бир көрсөткүчүнөн болуп, катышуучулардын төлөмдөрүнүн кезеги саналат, ал катышуучунун Улуттук банктагы корреспонденттик эсебинде акча каражаттарынын жетишсиз болушунан келип чыгат. Отчеттук мезгил ичинде төлөмдөрдүн 15 саат 14 мүнөт токтоп турган суммардык убакыты менен (система ишинин жалпы убактысынан 2,59 пайыз) кезекте турган 21 төлөмү катталган, алардын ичинен:

<u>*Потенциалдуу тобокелдиктерге баа берүү:*</u> Кезекте катталган төлөмдөр башка катышуучулар үчүн финансылык тобокелдиктерди алып келген эмес, анткени катышуучунун корреспонденттик эсебине каражаттардын түшүүлөрү жана системага (банктар ГСРРВ системасынын башка катышуучуларынан өз эсебине каражаттардын түшүүсүн күткөн) төлөмдөрдү жөнөтүү ортосундагы убакыт ажырымы менен байланыштуу болгон.

**1-график. ГСРРВ системасында финансылык тобокелдиктердин деңгээли**




**2-график. Кезекке туруп калган төлөмдөрдүн саны жана суммардык мөөнөтү**




**3-график. ГСРРВдагы жеткиликтүүлүк көрсөткүчүнүн жана операциялык тобокелдиктин ара катышы**




<u>*Системада орун алган операциялык тобокелдиктер*</u>. ГСРРВ системасынын ишин талдап – иликтөөлөр, тобокелдик фактору катары операциялык күндү узартууну эске алуу менен жеткиликтүүлүк көрсөткүчү[1] 2014-жылдын 4-чейрегинде 100,00 пайызды түзгөн. Ошол эле учурда системадагы операциялык

[1] Жеткиликтүүлүк коэффициенти- бул, системанын пайдалануучулары үчүн алардын талаптары боюнча кызматтардан жана маалыматтардан пайдалануу мүмкүнчүлүгү катары системанын жеткиликтүүлүгүн мүнөздөгөн көрсөткүч. Техникалык кемчиликтерден, электрэнергиясынын

тобокелдиктин деңгээли 3,36 пайызды түзгөн (өткөн мезгилдеги көрсөткүчтөн 1,72 пайыздык пунктка аз). Бул көрсөткүчтүн мааниси катышуучулардын өтүнүчү боюнча системанын ишин узартуулардын натыйжасында системанын иш регламентинин бузулушу менен келип чыккан. Узартуулардын суммардык убактысы 19 саат 5 мүнөттү түзгөн, алардын ичинен максималдуу убакыт – 2 саат 20 мүнөттү түзгөн.

Бул бузуулар Улуттук банктын тарифтик саясаты жана Улуттук банк Башкармасынын ар бир айдын акыркы 3 күнүнүн ичинде бюджеттик төлөмдөрдү иштеп чыгуу боюнча атайын чечими менен жөнгө салынат.

### 1.1.2. Пакеттик клиринг системасы (СПК).

*Пакеттик клиринг системасындагы финансылык тобокелдиктер*. Отчеттук мезгил ичинде акча каражаттардын белгиленген резервинен дебеттик таза позициянын арткандыгына байланыштуу фактылар системада катталган эмес, бул катышуучулардын өтүмдүүлүк деңгээлинин жетиштүү экендигин түшүндүрөт.

Төмөнкү графикте көрсөтүлгөндөй эле, банк-катышуучулар Пакеттик клиринг системасындагы акыркы эсептешүүлөрдү жүргүзүү үчүн талаптагыдан көбүрөөк каражаттарды резервге коюшкан.

**4- график. ПКСдагы дебеттик таза позициянын (ДТП) суммардык маанисин ДТПны жабууга сунушталгансервердер менен ара катышы (млн.сом)**




Ошентип, отчеттук мезгил ичинде катышуучулардын дебеттик таза позициясынын ордун жабууга сунуштаган резервдери, ликвиддүү каражаттардын зарыл деңгээлинен 3,7 эсеге көбүрөөк болгон.

*Система тарабынан четке кагылган төлөмдөрдүн* жалпы 291,82 млн. сом суммасында (иштелип чыккан төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнөн 0,20 пайыз) 3 517 төлөмдү түзгөн (системада иштелип чыккан төлөмдөрдүн жалпы санынан 0,39 пайыз).

1-таблица. Пакеттик клиринг системасында четке кагылган төлөмдөрдүн бөлүштүрүү түрлөрү

| Себептери | 2013-ж .4-чей. | | 2014-ж .3-чей. | | 2014-ж .4-чей. | | Өсүү (%) | | Абстрактуу түрдө өсүшү | | Үлүш (%) | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | көлөмү (млн. сом) | саны (шт.) | көлөмү (млн. сом) | саны (шт.) | көлөмү (млн. сом) | саны (шт.) | көлөмү (%) | саны (%) | көлөмү (млн. сом) | саны (шт.) | көлөмү | саны |
| Бардыгы | 109,76 | 1872 | 280,11 | 3234 | 291,82 | 3517 | -41,34 | -62,83 | 11,71 | 283 | 100 | 100 |
| Субкатышуучунун туура эмес коду | 10,89 | 266 | 5,75 | 216 | 36,75 | 857 | -69,42 | -69,36 | 31 | 641 | 12,59 | 24,37 |
| Туура эмес счет | 24,92 | 421 | 57,03 | 872 | 65,23 | 925 | -27,51 | -30,96 | 8,2 | 53 | 22,35 | 26,3 |
| Төлөмдүн ката коду | 11,76 | 322 | 27,11 | 547 | 35,72 | 638 | -5,39 | -31,97 | 8,61 | 91 | 12,24 | 18,14 |
| Кайталанган референс | 4,03 | 499 | 18,04 | 668 | 20,81 | 868 | -93,52 | -87,52 | 2,77 | 200 | 7,13 | 24,68 |
| Төлөмдүн суммасы максималдык мааниден ашуусу | 40,09 | 20 | 131,74 | 50 | 122,14 | 42 | 135,17 | 85,19 | -9,6 | -8 | 41,86 | 1,19 |
| Башка төлөмдөр | 18,07 | 344 | 40,44 | 881 | 11,17 | 187 | 138,05 | 60,18 | -29,27 | -694 | 3,83 | 5,32 |
| Жалпы иштелип чыккан төлөмдөр | 27190,9 | 805220 | 26754,9 | 977292 | 142510,2 | 911773 | -1,6 | 18,35 | 115755,3 | -65519 | | |
| Четке кагылган төлөмдөрдүн иштелип чыккан төлөмдөргө карата үлүшү | 0,40% | 0,23% | 0,03% | 0,33% | 0,20% | 0,39% | | | 0,18% | 0,05% | | |


өчүрүлүшүнөн, системанын операциялык күнүнүн кеч ачылышынан же эрте жабылышынан улам системадагы үзгүлтүктөр системадан пайдалануу убактысын кыскартат.

Четке кагылган төлөмдөрдүн негизги себеби катары туура эмес реквизиттери жана кайталанган референстер менен төлөмдөрү болгон.

<u>*Системадагы операциялык тобокелдиктер*</u>. 2014-жылдын 4-чейрегинде Пакеттик клиринг системасынын ишине мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгында, системанын жеткиликтүүлүк көрсөткүчү 100 пайызды түзгөн. Системада орун алган операциялык тобокелдиктин деңгээли анын иш регламентин узартуунун натыйжасында 0,53 пайызда түптөлгөн. Системанын мезгилдерин узартуунун суммардык убактысы катышуучулар тарабынан 2 саат 9 мүнөттү түзгөн, алардын ичинен эң узак мөөнөтү – 1 саат.

Пакеттик клиринг системасынын ишинде техникалык үзгүлтүктөр байкалган эмес.

**5-график. СПКдагы жеткиликтүүлүк көрсөткүчүнүн жана операциялык тобокелдиктин ара катышы**





## 1.2. <u>Төлөм карттарын пайдалануу менен эсептешүүлөр системасынын ишине талдап-иликтөөлөр.</u>

### *1.2.1. «Элкарт» улуттук төлөм системасы*

<u>*Системадагы операциялык тобокелдиктер*</u>. Маанилүү төлөм системаларынын ишине кезектеги мониторингдин жана талдап-иликтөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча *«Элкарт» улуттук төлөм системанын* жеткиликтүүлүк деңгээли 2014-жылдын 4-чейрегинде 100,0 пайызды түзгөн. Системада операциялык тобокелдиктер байкалган эмес.

**График 6. ББПБдагы операциондук тобокелдиктин жана жеткиликтүүлүк көрсөткүчүнүн ара катышы**




### *1.2.2. Төлөм карттарын пайдалануу менен эсептешүүлөр системасындагы алдамчылык транзакциялар*

Коммерциялык банктардан <u>*алдамчылык транзакцилар боюнча*</u> Мезгил-мезгили менен берилүүчү банктык регулятивдик отчеттун негизинде алынган маалыматтарды талдап-иликтөөнүн натыйжасында, төлөм карттары менен эсептешүү системаларында, 2014-жылдын 4-чейреги ичинде 141 шектүү операция (VISA Int. эл аралык системасынын карттарын пайдалануу менен 119 жана «Элкарт» системасынын карттары менен - 22 транзакция) катталган. Анын ичинен алдамчылык транзакциялар катары кардарлардын VISA Int. системасынын 6 карты боюнча жалпысынан 1 642 040,72 сом суммасында 59 транзакция каралган.

2-таблица. Банктык карттарды пайдалануу менен ишке ашырылган алдамчылык ыкмалары боюнча маалыматтар

| Алдамчылык ыкмасы | 2014-ж. 3-чей. | | 2014-ж. 4-чей. | | Өсүшү | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Саны | Көлөмү (сом) | Саны | Көлөмү (сом) | Саны | Көлөмү (сом) |
| Жасалма төлөм карттар: | - | - | 2 | 42 000,00 | 2 | 42 000,00 |
| -Visa | - | | 2 | 42 000,00 | 2 | 42 000,00 |
| Жоготулган, уурдатылган, унутулган төлөм карттар: | - | - | - | - | - | - |
| Почта, телефон, интернет аркылуу заказ кылуу (скимминг): | 35 | 681 068,96 | 2 | 5 753,36 | -33 | -675 315,60 |
| -Visa | 35 | 681 068,96 | 2 | 5 753,36 | -33 | -675 315,60 |
| Башка транзакциялар: | 10 | 31 370,96 | 55 | 1 594 287,36 | 45 | 1 562 916,40 |
| -Visa | 10 | 31 370,96 | 55 | 1 594 287,36 | 45 | 1 562 916,40 |
| Бардыгы | 45 | 712 439,92 | 59 | 1 642 040,72 | 14 | 929 600,79 |

Карт ээлеринин банк менен түзүлгөн келишим шарттарын бузууга жол бериши жана коопсуздук эрежелерин сактабашы финансылык тобокелдиктердин келип чыгышына түрткү берген негизги себептен болгон (мында, үчүнчү жактардын төлөм карттарынан пайдалануу мүмкүнчүлүгү жагында чара көрүлбөй, ПИН-коддун купуялуулугу жана алардын сакталышы камсыздалбаган).

Ошондой эле финансылык жоготууларга скимминг жабдууларынын жардамы менен жасалма картты жасоо аркылуу алдамчылыкка баруулардын жандануусу, финансылык жоготуулардын келип чыгышына түрткү берген негизги себептен болгон.


Башка шектүү транзакциялар өз учурунда аныкталып, система тарабынан четтетилген. Банктар финансылык жоготууларга учураган эмес.

### 1.3. SWIFT жамааттык пайдалануу түйүнүнүн ишине контролдук жүргүзүү

*Системадагы операциялык тобокелдиктер*. 2014-жылдын 4-чейреги ичинде системанын жеткиликтүүлүк деңгээли 98,91 пайызды түзгөн (жогорку). Жеткиликтүүлүк көрсөткүчүнүн төмөндөшүнө SWIFT жамааттык пайдалануу түйүнүнүн профилактикалык иштери таасирин тийгизген.

SWIFT жамааттык пайдалануу түйүнүнүн эрежелерине ылайык, Улуттук банк банк-катышуучуларга жүргүзүлүп жаткан иштер жөнүндө алдын ала маалымдаган.

7-график. SWIFT ЖПТдагы жеткиликтүүлүк көрсөткүчү жана операциялык тобокелдиги




### 1.4. Коммерциялык банктарда төлөм системаларынын ишине мезгил-мезгили менен мониторинг жана талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү.

Коммерциялык банктардын Мезгил-мезгили менен берилүүчү банктык регулятивдик отчетундагы маалыматтардын талдап-иликтөөлөрүнүн натыйжасында, 2014-жылдын 4-чейреги ичинде төлөм системасынын ишинде 253 штаттан тышкаркы жагдай катталган.

Маалыматтарды талдап-иликтөөлөрдүн натыйжасында олуттуу мүнөздөгү штаттан тышкары жагдайдын үлүшү анын жалпы санынан 16,60 пайызды, ал эми олуттуу эмес – 83,40 пайызды түзгөн.

Үзгүлтүктөрдүн төмөнкүдөй негизги түрлөрүн бөлүүгө мүмкүн:

– *Энергия менен камсыз кылуу жагында үзгүлтүктөр* – төлөм системаларынын ишиндеги штаттан тышкаркы жагдайлардын жалпы санынын 37,55 пайызын түзөт.
– *байланыш каналдарындагы үзгүлтүктөр* төлөм системаларынын ишинде штаттан тышкаркы жагдайлардын жалпы санынын 10,28 пайызын түзгөн.
– *Аппараттык-программалык комплекстин жана аралыкта орнотулган жабдуулардын ишинде үзгүлтүктөр* – төлөм системаларынын ишинде штаттан тышкаркы жагдайлардын жалпы санынан 20,55 пайызын түзгөн.

График 8. Коммерциялык банктарда катталган штаттык эмес жагдайлардын негизги себептери

